Тиркеме №______Келишимге №С- _____________ “___” _____________ 20_____ж.

**“Колдонуудагы сертификаттардын алкагында монтаждоо иштери. Түтүктөрдү ширети, насосторду орнотуу, металл конструкцияларды орнотуу” кызматтарын көрсөтүү үчүн**

# ТЕХНИКАЛЫК ТАПШЫРМА

| № | Негизги маалыматтардын жана талаптардын тизмеси | Негизги маалыматтар жана талаптар |
|---|---|---|
| 1 | Жумуштарды аткаруу дареги | Ысык-Көл облусу, Жети-Огуз району, Кумтөр кени. |
| 2 | Буйрутмачы | “Кумтор Голд Компани” ЖАК. |
| 3 | Көрсөтүүлүчү кызматтардын аталышы | Колдонуудагы сертификаттардын алкагында монтаждоо иштери. Түтүктөрдү ширети, насосторду орнотуу, металл конструкцияларды орнотуу. |
| 4 | Атайын эмгек шарттары | Кумтөр кенинин объектилери бийик тоолуу аймакта деңиз деңгээлинен 4000 метрден ашык бийиктикте түбөлүк тоңдун шартында турат. |
| 5 | Аткарылуучу иштердин талаптары жана көлөмү | - Иштин көлөмү Буйрутмачы тарабынан аныкталат. Жумуштар карьерди агызуу жана кургатуу Кызматынын жетекчиси берген нарядга ылайык аткарылат.<br>- Көрсөтүлгөн кызматтарга акы төлөө Аткаруучу кызмат көрсөткөн күндөрдүн санына жараша, көрсөтүлгөн кызматтардын тиешелүү актысында Тараптар жактан документтештирилген жана макулдашылган.<br>- Ай сайын иш жүзүндө көрсөтүлгөн кызматтардын наркы төмөнкү формула боюнча аныкталат: көрсөтүлгөн кызматтардын күнүнө наркы көбөйтүлгөн (X) көрсөтүлгөн кызматтардын күндөрүнүн саны. |
| 6 | Аткаруучуга коюлуучу квалификациялык талаптар | - Кесиптик-техникалык же орто билим.<br>- Бийик тоолуу шарттарда тажрыйбага артыкчылык берилет.<br>- Кен ишканаларында жана карьерлерде саркынды сууларды чыгаруу боюнча иш тажрыйбага артыкчылык берилет.<br>- Төмөнкү күбөлүктөрдүн болушу керек:<br>- Полиэтилен түтүктөрүн жана геомембрананы ширетүүчү-монтаждоочу<br>- Дизелдик электр генератордук орнотмолордун оператору<br>- Болот жана темир-бетон конструкцияларын куроочу<br>- Слесардык жабдуулар менен иштөө боюнча Оператор<br>- Жакшы физикалык ден соолугу.<br>- Ак ниеттүүлүк, ийкемдүүлүк, стресске туруктуулук |
| 7 | Аткаруучу тарабынан берилүүчү документтер | • Жеке ишкердин мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүк<br>• Паспорттун көчүрмөсү.<br>• Айдоочулук күбөлүгүнүн көчүрмөсү.<br>• Биринчи жардам курстарынын сертификаты.<br>• Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (эгер бар болсо).<br>• Резюме. |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Соттолбогондугу жөнүндө күбөлүк.<br>• Бийик тоолуу шарттарда иштөөгө жарамдуулугу тууралуу медициналык маалымкаттын болушу.<br>• Банктык эсебинин реквизиттери. |
| 8 | Иш графиги | • Жыл бою.<br>• 11 сааттык смена (күнүнө 7 смена / түнкүсүн 7 смена).<br>• Вахталык иштөө режими 14/14. |
| 9 | Буйрутмачынын шарттары | • Жабдуулар, материалдар жана шаймандар менен камсыз кылуу:<br>• Кызматтар Буйрутмачынын материалдары, анын жабдуулары, техникалары, шаймандары жана башка мүлктөрү тарабынан көрсөтүлөт, алардын сакталышы үчүн Аткаруучу жоопкерчилик тартат.<br>• Кумтөр кенинде Аткаруучуну жеке коргонуу каражаттары (ЖКК) менен камсыз кылуу: иштерди аткаруу үчүн талап кылынган бардык ЖКК кызмат көрсөтүү убагында Буйрутмачы тарабынан берилет.<br>• Аткаруучуну Кумтөр кен ишканасында жашоо жана тамактануу менен камсыздоо: Буйрутманын эсебинен<br>• Кызмат көрсөтүлгөн жерге жеткирүү жана кайра келүү: Буйрутманын эсебинен<br>• Төлөөнүн шарттары: Буйрутмачы кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын Тараптар көрсөтүлгөн кызматтардын тиешелүү Актысына Жалпы шарттарда каралган тартипте кол койгондон кийин 10 (он) банктык күндүн ичинде Аткаруучуга төлөйт. Кызматтын наркына бардык салыктар жана жыйымдар, ошондой эле Аткаруучунун кызмат көрсөтүү менен байланышкан башка чыгымдары кирет. Аткаруучу Келишимден келип чыккан бардык салыктарды жана жыйымдарды, ошондой эле салык мыйзамдарынын колдонулуучу ченемдеринде белгиленген бардык милдеттенмелерди өз алдынча төлөйт.<br>• Бардык иштер өнөр жай коопсуздугунун жана эмгекти коргоо талаптарына ылайык жүргүзүлүүгө тийиш.<br>• Буйрутмачы тарабынан белгиленген ички тартипти, эрежелерди, талаптарды, иштөө режимин так сактоо. |
| 10 | Баалар | • Кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы 11 сааттык смена үчүн 3290 (үч миң эки жүз токсон) сомду түзөт. |
| 11 | Аткаруу документтерин берүү талабы | • Көрсөтүлгөн кызматтардын актысы.<br>• Жеке ишкер үчүн бирдиктүү салыкты төлөөнү тастыктаган документ.<br>• Жеке ишкер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөндүгүн тастыктаган документ. |